| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮНҮН АППАРАТЫ** | **АППАРАТ ПОЛНОМОЧНОГО ПРЕДСТАВИТЕЛЯ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

"9" февраль 2024-ж. г. № 24-б                                        г. Нарын ш.

**Нарын облусунун Ат-Башы жана Нарын райондорунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын колдоосу жана координациясы менен "Катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин минимумга жеткирүү үчүн алгачкы иш-аракеттерди көрүү менен КРнын Өкмөтүнүн потенциалын жогорулатуу" долбоорунун алкагында Нарын облусунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасын облуста ишке ашыруу иш-чараларынын алкагында облустун Нарын жана Ат-Башы райондорунун аймактарында өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, кыш мезгилинин катаал шарттарында калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын абалын жеңилдетүү, мал жандыктарынын массалык кырылып кетүүсүнө жол бербөө максатында чөптүн жана тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануунун Тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин;
2. Ат-Башы жана Нарын райондук администрация башчылары-акимдер (Э.Абдыкадыров, Н.Мадимаров) жана тиешелүү айыл аймактарынын айыл өкмөт башчылары:

- долбоордун негизинде Ат-Башы жана Нарын райондоруна тартылып келе турган чөп жана тоют корлорун коопсуз сактоочу кампа жайларын даярдоо, алынып келинген чөп жана тоют корлорун түшүрүү, балanска кабыл алуу боюнча тийиштүү иш-аракеттерди жүргүзүп, кампа жайларына түшүрүлгөн чөптүн жана тоюттун корлорунун коопсуз, талапка ылайык сакталышын камсыз кылышсын;

- чөптүн жана тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануунун Тартибине ылайык, район аймактарында климаттык мүнөздөгү коркунучтуу процесстертер менен байланышкан өзгөчө кырдаалдардар катталган учурда калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен келишимдик негизде малчыларга чөптү жана тоютту таратып берүү, кайра чогултуу, топтоо иш-чараларын белгиленген тартипте жүргүзүшсүн;

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Биринчи орун басар** **А.Сапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮНҮН АППАРАТЫ «УЧРЕЖДЕНИЕ МЕКЕМЕСИ» УЧРЕЖДЕНИЕ АППАРАТ ПОЛНОМОЧНОГО ПРЕДСТАВИТЕЛЯ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ «УЧРЕЖДЕНИЕ МЕКЕМЕСИ» Документтик камсыздоо жана коомчулук менен байланыш сектору ИНН 01112199710043

*Жөнөтүлсүн: КРПнин Нарын обл. ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду өнүктүрүү, укук тартиби, коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмдөрүнө, Ат-Башы жана Нарын РМАларына*

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын __9__ -февралындагы №_24_б буйругуна тиркеме

**Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасын облуста ишке ашыруу иш-чараларынын алкагында облустун Нарын жана Ат-Башы райондорунун аймактарында өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, кыш мезгилинин катаал шарттарында калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын абалын жеңилдетүү, мал жандыктарынын массалык кырылып кетүүсүнө жол бербөө максатында чөптүн жана тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануунун**

**ТАРТИБИ**

1. Бул тартип Нарын облусунун Нарын жана Ат-Башы райондорунун малчыларына катаал кыштын таасирин минимумга жеткирүү үчүн алгачкы аракеттерди көрүү менен мал жандыктарынын массалык кырылуусуна жол бербөө максатында чөптүн жана тоюттун корун түзүүнүн жана максаттуу пайдалануунун механизмине, мазмунуна, жол-жоболоруна жана тартибине жалпы талаптарды аныктайт.
2. Нарын облусунда чөп жана тоют запастарын түзүү боюнча иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жана Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын колдоосу жана координациясы менен “Катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин минимумга жеткирүү үчүн алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен КРнын Өкмөтүнүн потенциалын жогорулатуу” долбоорун ишке ашыруу алкагында жүргүзүлөт.
3. Чөптүн жана тоюттун корун түзүү боюнча иш-чаралардын негизги максаты Нарын облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кыш мезгилинин катаал шарттарында калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын абалын жеңилдетүү, мал жандыктарынын массалык кырылып кетүүсүнө жол бербөө максатында алгачкы аракеттерди көрүү жолу менен өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу даярдыктарын күчөтүүгө көмөк көрсөтүү болуп саналат.
4. КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын алкагында 2024-жылдын февраль айында төмөнкү чараларды ишке ашырат:

- Кыргыз Республикасында белгиленген мамлекеттик стандарттарга жана сапат сертификаттарына ылайык Чүй облусунан 118,0 тоннага жакын чөп жана 114,0 тоннага жакын тоют сатып алууну;

- Нарын облусунун Нарын жана Ат-Башы райондоруна жеткирип берүүчүлөр тарабынан жеткирүүнү камсыз кылууну;

- жергиликтүү чөп жана тоют запасын түзүүгө салым катары Нарын районунун Миң-Булак айыл аймагына 41,0 тоннага жакын чөп жана 40,0 тоннага жакын тоют жана Ат-Башы районунун Баш-Кайыңды айыл аймагына 77,0 тоннага жакын чөп жана 74,0 тоннага жакын тоют айыл аймагынын балансына кайтарымсыз негизде балanска өткөрүп берүүнү;

- Нарын жана Ат-Башы райондорунда кыш мезгилинин катаал шарттарында калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын абалын жеңилдетүү, мал жандыктарынын массалык кырылып кетүүсүнө жол бербөө максатында алгачкы аракеттерди көрүү максатында чөп менен тоюттун запастарын түзүүгө, сактоого, максаттуу пайдаланууга жана толуктоого мониторинг жүргүзүү, ошондой эле пилоттук долбоорду потенциалдуу кеңейтүү үчүн натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүүнү.

5. Нарын жана Ат-Башы райондорунун мамлекеттик администрация башчылары-акимдер жана тийиштүү айыл аймактарынын айыл өкмөт башчылары өздөрүнө жүктөлгөн функцияларга жана ыйгарым укуктарга ылайык, төмөндөгү иш-чараларды жүзөгө ашырат:

- чөптү жана тоютту коопсуз жана туура сактоо үчүн тандалган кампаларды оңдоо жана даярдоону;

- белгиленген мамлекеттик стандарттарга жана сапат сертификаттарына ылайык Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын жеткирип берүүчүлөрү тарабынан алып келинген чөптү жана тоютту түшүрүүнү, кампалоону, балanска кабыл алууну камсыз кылууну;

- чөптүн жана тоюттун корлорун түзүү, ведомстволук аймакта болгон кампа жайларынын базасында аларды талаптагыдай сактоону жана коопсуздугун камсыздоону;

- кийинки жылдарда алгачкы аракеттерди кабыл алуу жолу менен өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга даярдыкты камсыз кылуу максатында малчыларга чөп жана тоют берүүнүн, алардын запастарын жаңыртуунун жана толуктоонун тартибин иштеп чыгууну жана белгилөөнү. Ошондой эле, чөптү жана тоютту берүү тартиби үстүбүздөгү жылдын түшүмүн жыйноо мезгилинде алынган чөптүн жана тоюттун көлөмүн малчылар тарабынан милдеттүү түрдө кайтарып берүү жөнүндө келишимдерге ылайык, калктын социалдык жактан аярлуу катмарына кирген малчылардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен ишке ашырылышын камсыз кылууну;

- катуу жааган кар, экстремалдуу суук, эрте тоңуу жана башка коркунучтуу процесстер жана жаратылыш-климаттык мүнөздөгү кубулуштар менен байланышкан табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын мониторингин

жана божомолун жүргүзүүнү жана алардын мал багууга мүмкүн болуучу таасирине баа берүү боюнча КРнын ӨКМнин аймактык бөлүмдөрү менен биргеликте иш жүргүзүүнү;

- катуу жааган кар, эрте үшүк, чөп жана тоюттун жетишсиздигине алып келген табигый мүнөздөгү башка кырсыктар катталган учурда малчыларга белгиленген тартипке ылайык чөп жана тоют берүүнүн, алардын запастарын жаңыртуунун жана толуктоонун алгачкы иш-аракеттерин КРнын ӨКМнин Нарын облусу боюнча башкармалыгы менен милдеттүү түрдө макулдашып, иштеп чыгууну жана ишке ашырууну;

- облустун Ат-Башы жана Нарын райондорунан сырткары кыш мезгилинин катаал шартында жаралган өзгөчө кырдаалдар учурунда Нарын облустук Жарандык коргонуунун башчысы – ыйгарым укуктуу өкүлдүн буйругу менен көрсөтүлгөн тартипке ылайык кампаларда сактоодо турган чөптүн жана тоюттун корлору башка аймактарга пайдаланууга берилет.

**Ыйгарым укуктуу өкүлдүн**
**биринчи орун басары** **А.Сапаров**